| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ<br>АК-СУУ РАЙОНУ<br><br>БОЗ-УЧУК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫККУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АК-СУЙСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br>БОЗ-УЧУКСКОГО<br>АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА |
|---|---|

Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл областы Ак-Суу району Боз-Учук айылдык Кенешинин 28 чакырылышынын кезектеги 23 - сессиясы

# ТОКТОМ

**2023-жыл 30-июнь** **№ 24** **Ново-Вознесеновка айылы**

**Боз-Учук айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетин көбөйтүү жөнүндө**

Дем берүүчү грант аркылуу Ново-Вознесеновка айылынын бир көчөсүнө асфальт төшөөгө долбоор жазылып өткөзүлгөн. Азыркы учурда өздүк салым катары төлөгөнгө айыл өкмөтүнүн бюджетинде акча каражаты жок болгондугуна байланыштуу өздүк салым үчүн 200,0 миң сом жана Ичке-Жергез айылында курулушу бүтүп жаткан бала бакчага, Ново-Вознесеновка айылында курулуп бүтүп жаткан мектептин ачылышына жардам берүү үчүн 200,0 миң сом акча каражаты керек болууда.

Ушул керектелүүчү акча каражатын, Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензиясы үчүн салыктан (14151200) кошумча түшкөн – 400,0 миң сомду алты айдын жыйынтыгы менен көбөйтүүгө уруксат берүүңүздөрдү суранабыз.

Боз-Учук айыл өкмөтүнүн башчысы А.Орозбаковдун жогорудагы билдирүүсүн угуп жана талкуулап Боз-Учук айылдык кенеши **токтом кылат :**

1. Айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетине жетишпеген төмөндөгү акча каражаты үчүн, жергиликтүү бюджетке жылдык пландан ашыкча түшкөн 400,0 миң сом Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензиясы үчүн салыгын көбөйтүп берүү жагы Ак-Суу райондук финансы башкармалыгынан суралсын.
   - Ново-Вознесеновка айылынын бир көчөсүнө асфальт төшөө долбооруна өздүк салым катары төлөп берүүгө
   - Аппарат бөлүмүнүн 3111 статьясынын 3320 элементине -200,0 миң сом.
   - Ичке-Жергез айылындагы бала бакчанын жана Ново-Вознесеновка айылындагы жаңы мектептин ачылышына жардам берүү үчүн
   - Аппарат бөлүмүнүн 2824 статьясынын 1100 элементинен – 200,0 миң сом
   - Керектелүүчү акча каражатынын жалпы суммасы – 400,0 миң сом.

2.Айыл өкмөтүнүн бюджетин көбөйтүүгө байланышкан иш-аракеттерди жүргүзүү айыл өкмөтүнүн башчысы А.Орозбаковго милдеттендирилсин.

3.Токтомду көзөмөлгө алуу жагы айылдык Кенешинин бюджет жана финансы боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасына жана айыл өкмөт башчысына милдеттендирилсин.

**Төрага** **Б.Термечиков**